УДК 331.25(575.2)
DOI 10.35254/bsu/2024.69.36

***Усоналиева Д.А., Джалилова Л. Н.***
*К.Карасаев атындагы БМУ,*
*окутуучу*

# МАМЛЕКЕТ ТАРАБЫНАН КАЛКТЫН ПЕНСИЯЛЫК КАМСЫЗДАНДЫРЫЛУУСУНУН ЖӨНДӨЛҮШҮНҮН ӨСҮП-ӨНҮГҮШҮНҮН КЕЛЕЧЕГИ

**Кыскача мазмуну**

Макалада СССРдин кулашынан кийинки Кыргызстандын пенсиялык системасынын көйгөйлөрү жана аны реформалоо жолдору каралат. Пенсионерлердин татыктуу жашоо деңгээлин камсыз кылуу жана калктын пенсиялык камсыздоо маселелери боюнча финансылык сабаттуулугун жогорулатуу зарылдыгы белгиленет. Пенсиялык системалардын дүйнөлүк өнүгүү тенденциялары талданат, мисалы, ыктыярдуу топтоо элементтери менен мамлекеттик бөлүштүрүү системасын сактоо, пенсиялык курактын жогорулашы, жеке пенсиялык камсыздандырууга өтүү. Кыргызстандын пенсиялык системасынын негизги кемчиликтери белгиленет: калктын финансылык сабаттуулугунун төмөн деңгээли, Мамлекеттик топтоо пенсиялык фондунун калк менен жетиштүү эмес өз ара аракеттенүүсү, татыктуу пенсиялык төлөмдөрдү камсыз кылуу үчүн пенсиялык топтоолордун жетишсиздиги. Пенсиялык топтоолорду башкаруу жана жарандардын пенсиялык активдерин коргоо механизмдери үчүн зарыл болгон топтоо пенсиялык системасын өркүндөтүү боюнча чаралар сунушталат.

**Түйүндүү сөздөр:** пенсия тутуму,  социалдык фонд, камсыздандыруу төгүмдөрү, мамлекеттик бюджет, камсыздандыруу бөлүгү, социалдык коргоо, социалдык тейлөө, минималдык кепилдик, пенсиялык фонд, Эл аралык эмгек уюму.

***Усоналиева Д.А., Джалилова Л.Н.***
*БГУ им. К.Карасаева*
*преподаватель*

# ПЕРСПЕКТИВЫ РАЗВИТИЯ ГОСУДАРСТВЕННОГО РЕГУЛИРОВАНИЯ ПЕНСИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ НАСЕЛЕНИЯ

**Аннотация**

В статье рассматриваются проблемы пенсионной системы Кыргызстана после распада СССР и пути ее реформирования. Подчеркивается необходимость обеспечения достойного уровня жизни пенсионеров и повышения финансовой грамотности населения в вопросах пенсионного обеспечения. Анализируются мировые тенденции развития пенсионных систем, такие как сохранение государственной распределительной системы с добровольными накопительными элементами, повышение пенсионного возраста, переход к частному пенсионному страхованию. Отмечаются основные недостатки пенсионной системы Кыргызстана: низкий уровень финансовой грамотности населения, недостаточ-

ное взаимодействие Государственного накопительного пенсионного фонда с населением, недостаточность пенсионных накоплений для обеспечения достойного уровня пенсионных выплат. Предлагаются меры по совершенствованию накопительной пенсионной системы, необходимых для управления пенсионными накоплениями и механизмов защиты пенсионных активов граждан.

**Ключевые слова:** пенсионная система, страховые взносы, социальный фонд, государственный бюджет, страховая часть, социальная защита, социальное обслуживание, минимальное гарантие, пенсионный фонд, Международная организация труда.

***Usonalieva D.A., Dzhalilova L.N.***
*BSU named after K.Karasaev,*
*Lecturer*

# PROSPECTS FOR THE DEVELOPMENT OF STATE REGULATION OF PENSION PROVISION FOR THE POPULATION

**Abstract**

This article explores the issues with Kyrgyzstan's pension system post-USSR and its potential reforms. This highlights the importance of providing a decent living standard for pensioners and enhancing public financial literacy regarding pensions. The global pension system trends are reviewed, including maintaining state distribution systems with voluntary accumulative elements, raising the retirement age, and shifting to private pension insurance. Key deficiencies in Kyrgyzstan's pension system were identified: low financial literacy, poor interaction between the State Accumulative Pension Fund and the public, and insufficient pension savings for adequate payments. The suggested measures aim to improve the funded pension system, manage pension savings, and protect citizens' pension assets.

**Keywords:** pension system, insurance contributions, volume of expenditures, state budget, insurance part, social protection, social services, minimum guarantee, pension fund, International labor organization.

## Киришүү

СССР мамлекети кулагандан кийин шериктештиктин өлкөлөрүндө, анын ичинде Кыргызстанда да пенсиялык системанын татаал калыптанышы жана пенсионерлердин пенсиясынын камсыздандыруу бөлүгүн түзүүдө узак этапты басып өткөндүгү бул макаланын актуалдуулугун баяндайт .

Ар бир улгайган жаранды пенсиянын базалык бөлүгүнөн төмөн эмес жашоого татыктуу деңгээлдеги социалдык жөлөкпулдар менен камсыздоо макаланын өзөктүү максаты болуп эсептелди. Ар бир пенсиялык курактагы атуулдун жашоого болгон жеке муктаждыктарын эсепке алуу менен ал атуулга жогорку сапаттуу социалдык тейлөө көрсөтүү учурдун талаты катары эсептелди.

Өлкөбүз ал максаттарга жетишүү үчүн пенсиялык системанын ар бир катышуучусуна минималдуу кепилдиктерди камсыздоосу (пенсиянын өлчөмү аларга жакырчылыктан оолактоого жана пенсионерлерди татыктуу жашоо деңгээлин камсыз кылууга мүмкүндүк бериши керек) кажет.

Эл аралык эмгек уюмунун адистеринин пикири боюнча, улуттук пенсиялык системаларды уюштурууда эң маанилүү көрсөткүчтөрү болуп: экономикалык жана

финансылык жеткиликтүүлүк эсептелип, төгүмдөр иш берүүчүлөр үчүн да, кызматкерлер үчүн да алгылыктуу болушу керектигин белгилеп кетүү кажет, себеби алар социалдык камсыздандыруу системаларына түздөн-түз катыша алышат (камсыздандыруу төгүмдөрүн - төлөөчүлөр менен пенсия алуучулардын ортосундагы жаралган жүктү оптималдуу жана адилет бөлүштүрүү кажет). Бул системаны каржылоого камсыздандырылгандардын катышуусуна жана алардын акчалай төлөмдөрүнө, социалдык камсыздандыруу кызматтарын алуу укуктарына эквиваленттүүлүгүн же жок эле дегенде кылдаат көз карандылыгын билдирет.

Ушундан-улам: кимде-ким камсыздандыруу төгүмдөрүн көбүрөөк төккөн болсо, ошол көбүрөөк салым кошкон адамдар көбүрөөк пенсия алуусу керек деген жоболор келип чыгат.

«Өлкөбүз пенсиялык тутумдагы алдыга койгон максаттарга жетүү үчүн негизги милдеттерди түздөн-түз чечүүсү кажет: пенсиялык тутумду, социалдык камсыздандыруу тутумун жана мамлекеттик эмес пенсиялык камсыздоону жакшыртуу; социалдык камсыздоо жаатында макулдашылган бирдиктүү саясатты жүзөөгө ашыруу; социалдык төлөмдөрдүн өлчөмүн пенсиянын базалык бөлүгүнө жеткирүү; пенсиялык курактагы атуулдарга тейленилүүчү социалдык тейлөөлөрдү жакшыртуу, анын менен катар пенсиялык кураткагы атуулдарга тейлөө көрсөтүүнү жарандык тармактарга өткөрүп берүү; улгайган жарандарды социалдык жактан коргоо маселелери боюнча коомчулуктун маалымдуулугун жогорулатуу» [1, с. 76-79].

Пенсиялык камсыздоодо алдыга койгон милдеттерди ишке ашырууда, өлкөбүздүн пенсиялык социалдык камсыздандыруусун жана мамлекеттик эмес пенсиялык камсыздоо тутумун жакшыртууда кийинки иш-чараларды ыкчам жүзөөгө ашыруу зарыл:

- топтоо пенсиялык тутумун өнүктүрүү боюнча мыйзамдарды өркүндөтүү;

- патент же салыктык контракт боюнча иштеп жаткан жана айыл чарбасы менен алектенген жарандардын камсыздандыруу төгүмдөрүн кармап калууларынын ченемдерин жана аны жүзөөгө ашыруудагы механизмин кайрадан кылдат кароо;

- пенсиялык топтоо системасынын катышуучуларынын - мамлекеттик эмес пенсиялык топтоо фонддордун (НПФ), жетектөөчү компаниялардын (УК) иш-чараларын жакшыртууда пенсиялык топтоо фонддору менен жетектөөчу компаниялардын тандоолоруна дагы өзгөчө маани берүү менен аларды камсыздоо;

- пенсиялык активдерге туура маани берүү менен бирге аларды сапаттуу жетектөөнү, алардын келечекте туура көзөмөлдөнүшүн, аны менен катар пенсиялык топтоолорду мурастоо багытында кылдаат туура иш-чараларды алып барууну камсыздоо;

- «камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөп иштеген жарандарга карата, пенсиялык мыйзамдарга ылайык иштебеген атуулдарга 3 жылдан кийин социалдык жөлөк пулдарды алуу үчүн куректын босогосун жогорулатуу (эмгек үчүн мотивация)» [1, с. 76-79].

Пенсиялык курактагы атуулдарды пенсиялык жана социалдык камсыздандырууда кийинки иш-чараларды кылдат аткаруу кажет:

- жакырчылыктын жеткен чегине байкоо жүргүзүү менен гана тим болбостон, социалдык жана пенсиялык саясатты пенсиялык курактагы адамдардын жашоо деңгээлин жогорулатууга багыттала тургандай кылып жүзөөгө ашыруу;

- улгайып калган жалпы пенсионерлер үчүн иштеген эмгек стажысынын пропорционалдуу эсептөөсүн кошпогондо пенсиянын базалык бөлүгүнүн ченемин так аныктоо;

- «пенсия алууга карылыгы боюнча укугу жок атуулдарга социалдык жөлөк-

пулдардын ченеми пенсиянын базалык бөлүгүнүн өлчөмүнө тең болуусу зарыл» [1, с. 76-79].

Улгайган жарандардын социалдык жактан коргоо маселелери боюнча маалымдуулугун жана сабаттуулугун жогорулатуу үчүн, ар бир эмгекке жарамдуу жарандын келечектеги пенсиясын камсыздандыруу үчүн өзүн-өзү башкаруу органдары жана башка ар түрдүү каналдар аркылуу пенсиялык төгүмдөрүнүн маанилүүлүгү жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттарын кабарлап, алар аркылуу калктын маалымдуулугун жогорулатууга багытталган маалыматтык кампанияларды дайыма жүргүзүп туруу зарыл.

Мамлекеттик топтоо фонддорунун инвестициялык ишмердүүлүгүн башкаруунун бардык пенсиялык реформалары үчүн бир нече жалпы тенденцияларды аныктоого болот:

1. Мамлекеттик бөлүштүрүү тутумун сактоомененыктыярдууаманатсистемаларын түзүү чындыгында дүйнө жүзүндө пенсиялык тутумундагы реформалар менен тыгыз байланышкандыгын учурда тастыкталып келет. «Азыркы учурда кошумча PAYG стратегиялык тутуму рыноктук механизмдер аркылуу каржылоонун элементтери менен толуктоо үчүн пайдаланылып келет. PAYG стратегиялык тутуму дүйнө жүзүнүн көптөгөн өлкөлөрүндө, атап айтсак, Швеция, Италия, Венгрия, Польша сыяктуу Европа өлкөлөрүндө, алар менен катар Латын Америкасынын бир катар өлкөлөрүндө пайдаланылып келет» [2, 593-599].

Азыркы учурдун абдан бир маанилүү жагдайы катары, пенсиялык тутумда кызмат кылган адистердин аң-сезиминин кескин өзгөрүүсү болду, ал өзүнүн эмгектенүүсүнөн башталышынан тартып топтолмо пенсиялык камсыздандыруу системасына чегерүүлөрдү киргизүүнүн зарылдыгын билиши керек. Бул жагдай пенсиялык системаны экономиканын оорчулугунан аны өнүктүрүү рычагына айландырууга тийиш болчу. Себеби экономика тармагына инвестиция катары тартыла турган «узак мөөнөттүү» пенсиялык топтонун олуттуу көлөмү жааралган. «Пенсиялык фонддор пенсиялык топтоо тутумдары киргизген айрым мамлекеттерде бир топ кеңири кулачын жайып тамырлаган. Мисал катары токтоло кетсек, Улуу Британия өлкөсүндө 34 пайызга чейин; Ирландия өлкөсүндө 29 пайызга чейин, Голландияда 13 пайызга, Данияда болсо 11 пайызга чейин жайылтылган» [3, с. 275-277].

2. Пенсиялык курак өлчөмү, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн ченемдери, пенсиялардын индексацияланусу - пенсиялык камсыздандыруунун негизги параметрлери болгондуктан, аталган параметрлерди кайрадан карап чыгуу учурдун талабы болууда. Айрым мамлекеттерде ушул жагдайды кайрадан кылдаат карап чыгышкандыктан, Германия менен Швецияда пенсиялык жаш өлчөм 65 жашка узартылган. Польшада эркектердин пенсиялык жаш өлчөмү 65 жашты түзө турган болсо, ал эми айымдар 60 жашка чыкканда пенсиялык куракка чыктык деп расмий түрдө иш кагаздарын топтоп өткөрүшөт. Ал эми Венгрия өлкөсүндө пенсиялык курак башка мамлекеттерден дээрлик айырмаланат, себеби, эркектер менен айымдарга экөөнө тең бирдей 62 жашты пенсиялык курак деп белгилеп бекитишкен.

3. Айрым бир өлкөлөрдө мамлекеттик пенсиялык система толук бойдон жеке камсыздандыруу системасына өтүп жатат. Мындай мамлекеттик пенсиялык системанын толук бойдон жеке камсыздандыруу тутумуна өткөн өлкөлөрдүн катарына Чили мамлекети кирет. Себеби Чили өлкөсү жеке камсыздандыруу системасы боюнча иш алып барат.

4. Салыктык тескелүүнүн, салык тутумунун жана ченемдик саясаттын кайрадан жандануусу. « Пенсияны чегерүүдө жана олуттуу салыктык жеңилдиктерди берүүдө мамлекет өзгөчө жоопкерчиликке ээ болуу менен бирге пенсиялык куракта-гы атуулдарга акырындык менен өткөрүп

берүү менен бирге ыктыярдуу топтолгон пенсиялык тутумга адистерди тартат. Мындай жагдай Швейцария өлкөсүнө жана Америка кошмо штатынын бир кылка өлкөлөрүнө таандык» [2, с. 593-599].

5. Эмгек чөйрөсүндөгү саясаттын өзгөрүүсү менен бирге макроэкономикалык саясат менен байланышкан пенсиялык тутумду кайрадан жандандыруу. «Бул учурда эң оболу негизги күч-аракеттер коомдук өндүрүштө иштеген, эмгекке жарамдуу атуулдардын пайыздык үлүшүн жогорулатууга, жашоо деңгээлинин жакшыртылышына багытталган» [3, с. 275-277].

Пенсиялык тутумга мүнөздүү болгон негизги кемчиликтер болуп, азыркы учурда калктын финансылык сабаттуулугунун жана инвестициялык маданиятынын төмөн деңгээли; Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондунун топтоо кызматтары менен калктын жетишсиз кызматташуусу, карылык боюнча пенсиялык төлөмдөрдүн татыктуу деңгээли үчүн пенсиялык топтоолордун жетишсиздиги; ыктыярдуу пенсиялык топтоо системасынын жетишсиз өнүккөндүгү эсептелет.

Пенсиялык системаны реформалоо учурунан баштап бүгүнкү чейин ар дайым болуп келген жана балким, келечекте дагы маанисин жоготпой кала турган чоң көйгөй болуп - пенсиялык системаны уюштурууда жана жүзөөгө ашыруудагы калктын билиминин жетишсиздиги эсептелет. Эмгекке жарамдуу калктын басымдуу бөлүгү пенсиялык топтоолордун зарылдыгы жөнүндө алигиче эч кандай түшүнүгү жок, тилекке каршы. Демек, калкты пенсиялык сабаттуулукка үйрөтүү, пенсиялык топтоо боюнча сабатсыздыгын жоюу максатында бүтүндөй аймактардагы пенсиялык фонд жөнүндөгү маалыматты жайылтуу менен гана пенсиялык системаны андан ары өркүндөтүү толук мүмкүн.

Кийинки жүйөлүү жагдай болуп, элдин басымдуу бөлүгү өз алдынча иш менен алектенгенинде. «Бул жерде кеп - пенсиялык фонддордо эмес, алар кандай схема менен иштеп жатышканында. Өз алдынча иштегендердин санына маани берүү менен аларды кыскартуу процесси узакка созулган процесс» [3, с. 275-277].

«Жогоруда айтылган бир катар көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдорунун бири болуп, ар бир инвестордун пенсиялык топтоолорун башкаруу жана көбөйтүү маселелеринде инвестициялык чечимдерин кабыл алууга мүмкүндүк берүүчү “мульти-портфельдер” деп аталган иш-чараларын практикага киргизүү менен аны жүзөөгө ашыруу толук мүмкүн, себеби бул кирешелүүлүк балансында артыкчылыктарга алып келет. Аны баштоодо алгач консервативдик, орточо жана агрессивдүү инвестициялык стратегияларга негизделген үч гана портфельди киргизүү пландаштырылууда» [4, с. 148-151].

Бирок, келечекте, белгилүү бир шарттарда, көбүрөөк сандагы активдерди инвестициялоонун стратегияларынын башка модели жаралышы мүмкүн. Ошентип, инвесторлорго укуктар гана эмес, ошондой эле алардын пенсиялык активдерин башкаруу үчүн жоопкерчилик бериле турган келечек пайда болот. Көптөгөн инвестициялык портфелдерди ишке киргизүү пенсиялык топтоолордун коопсуздугуна бекем кепилдиктерди камсыз кылуу менен бирге өлкөнүн топтолуучу пенсиялык системасын андан ары өнүктүрүүнүн алкагында мамлекет башчысы тарабынан коюлган артыкчылыктуу милдеттери болуп саналат.

Пенсиялык институттар пенсиялык активдерди инвестициялоо рыногунда кирешелүүлүктүн көп багыттуу тенденциялары инвесторлордун акчасын сактоо менен бирге аны көбөйтүүнүнэңжакшыжолдоруниздепжатканын көрсөтүп турат. Ошондуктан, мамлекеттик топтоо пенсиялык фондунун топтоолорун өнүктүрүүдө кездешкен көйгөйлөрдү чечүү жана аны жакшыртуунун келечектерин изилдөө учурда орчундуу мааниге ээ.

Биздин жарандарыбызды пенсия менен

камсыздап жаткан бүгүнкү күндөгү кырдаал пенсия курагындагы пенсионерлерди гана эмес, пенсия курагына жакындаган жарандарды, а түгүл орто курактагы адамдарды жана жаштарды дагы тынчыздандырбай койбойт.

Учурдакы пенсиялык камсыздоонун жетишсиз маанилуу компоненти болуп, Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондунун жеке активдеринин камсыздандыруу механизминин жоктугу эсептелет. Бир дагы жаран өзүнүн келечекте ала турган пенсиясынын ченемин эсептемек тургай, пенсиялык куракка жеткенде эмне кутуп тураарын дагы болжолдой албайт.

Жекече пенсиялык камсыздоо системалары көптөн бери өнүккөн өлкөлөрдө жашоону камсыздандыруу компанияларында пенсиялык фонддон аннуитетке төлөөнү, б.а. бут өмүрлүк рентаны төлөөнү алмаштырып, физикалык беттин болгон топтоолорун сатып алат деп, жогоруда айтылгандардын бардыгын жыйынтыктаса болот. Түздөн-түз жылдарга эсептелген пенсиялык фондунун аннуитеттери болобу же төлөмдөрү болобу, жарандар пенсиялык куракта пенсияга чыгуунун алдында пенсиялык төлөмдөрдүн ар кыл түрлөрүн өз ыктыярлары менен тандап алса болот.

**Адабияттар**

1. Саякбаева, А.А. [и др.]. Статистический анализ и прогноз деморазвития и материнской смертности в Кыргызской Республике [Текст] / А. А. Саякбаева // Евразийское Научное Объединение. – М.: ЕНО. -2018. - № 9 (43).- С. 76-79

2. Джалилова, Л. Н. Применение международного опыта пенсионной политики в Кыргызской Республики / Л. Н. Джалилова, Ш. Р. Гапурбаева, Ш. Ш. Гапурбаев // Актуальные вопросы современной экономики. – 2021. – № 11. – С. 593-599. – EDN LKAMJF.

3. Джалилова, Л. Н. Правовое обеспечение пенсионеров в Кыргызской Республике по государственному пенсионному социальному страхованию в условиях ЕАЭС / Л. Н. Джалилова // Вестник Кыргызского государственного университета строительства, транспорта и архитектуры им. Н.Исанова. – 2021. – № 2(72). – С. 275-277. – DOI

4. Джалилова, Л. Формирование пенсионной системы в Кыргызской Республике в условиях ЕАЭС на современном этапе / Л. Джалилова, Ш. Гапурбаева // Вестник Бишкекского государственного университета. – 2021. – № 1(55). – С. 148-151. – DOI 10.35254/bhu/16948130_2021_55_148. – EDN TRTTSS.

5. Вся старость мира. Как живется пенсионерам в разных странах — в 10 графиках [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.kommersant.ru/doc/3689648 (Дата обращения 14.10.24)